**УДК 811.512.1543:81.373**

# КЫРГЫЗ ТИЛ САБАГЫНДА СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРИН УЮШТУРУУ

# ПУТИ АКТИВИЗАЦИИ И ОРГАНИЗАЦИИ САМОСТОЯТЕЛЬНОЙ РАБОТЫ СТУДЕНТОВ КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА

# ORGANIZATION OF THE INDIVIDUAL STUDENTS' WORK AT THE KYRGHYZ LESSON

*Кыдырова Пазилет Маматкуловна*
*филология илимдеринин кандидаты.,доцент*
*БИШКЕК шаары*
*Ж. БАЛАСАГЫН атындагы КУУ*
*ПЕДАГОГИКАЛЫК ФАКУЛЬТЕТИ*
*эл.почта: 0705 146265. Pozilet_1966 @mail.ru*

*Кыдырова Пазилет Маматкуловна*
*кандидат филологических наук.,доц.*
*г.БИШКЕК*
*КНУ им Ж. БАЛАСАГЫНА*
*ПЕДАГОГИЧЕСКИЙ ФАКУЛЬТЕТ*
*эл.почта: 0705 146265. Pozilet_1966 @mail.ru*

*Kydyrova Pozilet Mamatkylovna*
*Candidate of Philology*
*J .Balasagyn KNU. Faculty of pedagogical*
*Bishkek*
*0705 146265. Pozilet_1966 @mail.ru*

***Аннотация :*** *макалада азыркы учурдагы жогорку окуу жайында окуган студенттердин өз алдынча иштери тууралуу сөз болот. Ар бир дисциплина боюнча аткарылган студенттердин өз алдынча иштери – изилдөөчүлүк иш катары бааланып, ал аркылуу алган билимин өркүндөтүүгө өбөлгө түзүлөт. Студенттин өз алдынча иштери келечектеги жаш адистердин окуу жана жазуу ишмердүүлүгүнүн деңгээлин жогорулатууну, теориялык билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн системалаштырып бекемдөөнү ишке ашырат. Ар бир аткарылган тапшырмага чыгармачылык менен жоопкерчиликтүү мамиле кылууга үйрөнүшөт. Мындан сырткары, студенттердин өз алдынча иштеринин максаты жана милдети, болжолдуу темалары берилет.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *окуу процесси; студенттердин өз алдынча иштери; окуу жана жазуу ишмердүүлүгү; активдештирүү; өркүндөтүү; системалаштыруу; уюштуруу формасы.*

***Аннотация:*** *в статье рассматривается процесс проведения самостоятельной работы студентов в высших учебных заведениях. Выполненная самостоятельная работа по определенный дисциплине оценивается как учебно-исследовательская работа, которая развивает самостоятельную деятельность студентов. Целенаправленное самостоятельная работа, развивает учебную и письменную деятельность студентов, систематизирует и закрепляет их теорические знания и практические навыки. Каждая*

*выполненная самостоятельная работа развивает не только творческие и организаторские способности, но и ответсвенность за работу. А также способствует развитию познавательной деятельность студентов. В статье предложены цели и задачи, способы реализации предпологаемых тем самостоятельных работ.*

***Ключевые слова:*** *образовательный процесс; самостоятельная работа студентов; активизация; эффективность; организаторские способности; практические навыки; формы организаци.*

***Abstract:*** *The article deals with the process of conducting independent work of students in higher educational institutions. Completed independent work in a particular discipline is evaluated as a teaching and research work that develops independent activity of students. Purposefully thought-out independent work, developing student's learning and writing activities, systematizes and consolidates their theoretical knowledge and practical skills. Each performed independent work develops not only creative and organizational skills, responsibility, but also contributes to the development of cognitive activity. The article proposed goals and objectives, ways to implement the expected independent work.*

***Key words:*** *educational process; students' individual work; activization; effectivity; responsibilit; forms of organization.*

Бүгүнкү күндөгү жогорку окуу жайларынын негизги милдеттеринин бири – студенттерди кесиптик жактан даярдоонун сапатын жогорулатуу болуп саналат. Ал үчүн коомдун учурдагы талабын эске алуу менен, студенттердин билимин ар тараптан өнүктүрүү, инновациялык ишмердүүлүктү, кесиптик жөндөмдүүлүктү, кесиптик компетенттүүлүктү өздөштүргөн кесипкөй адис чыгаруу маселелери турат.

Азыркы учурда мамлекеттик тилди өнүктүрүүдө эне тилибиздин лексикалык байлыгын арттыруу, тил маданиятын көтөрүү, анын адабий нормаларын элибизге бекем сиңирүү – башкы багыттардын бири болуп саналат. Эне тилинде туура сүйлөө, кебин таза сактоо, анын оош-кыйыштарын баалоо, ага кам көрүү иштери учурдун күн тартибинде турат. Ошону менен катар бүгүнкү күндүн окутуучулары, алдыңкы максатка умтулган, өз оюн айта алган, проблеманы так коюп, аны чечүү жолдорун издей алган, маалымат менен иштей алган, алган маалыматты турмушта колдоно алган, эмгекчил жаштарды, кесипкөй студенттерди тарбиялашы керек. Окутуу процессин уюштурууда окутуучу − негизги багыттоочу адам катары, улуттун келечеги болгон жаш муундарга билим жана тарбия берүүнү мезгил талабына ылайык жүргүзүүгө милдеттүү.

Жогорку окуу жайда ар түрдүү адистиктер үчүн кыргыз тили төмөнкүдөй максатта окутулат:

- студенттерге кыргыз адабий тилинин тилдик системасы жана структуралык деңгээлдери боюнча толук, терең билим берүү;

- студенттерге кыргыз адабий тилинин теориялык-практикалык негизин үйрөтүү;

- студенттерге коомдогу сүйлөшүү чөйрөлөрүндөгү ойду, информацияны туюндуруунун шартын, буга чейин коом тарабынан түзүлгөн талаптарын, ар түрдүүлүгүн жана сүйлөшүү

чөйрөлөрүндө тилдик каражаттардын колдонулуш закон ченемдүүлүктөрү тууралуу кеңири маалымат берүү;

- студенттерди өз ой-пикирлерин, информациясын бирөөгө ачык-айкын, так, түшүнүктүү, мыкты деңгээлде, экстралингвистикалык факторлорду да эске алып, информацияны ошол сүйлөшүү процесси талап кылган тилдик каражаттар менен туура багытта туюндуруу көндүмүнө тарбиялоо;

- студенттерди улуттук маданият, элдик каада-салт, ыймандык жана эстетикалык баалуулуктар менен тааныштыруу, ошол эле учурда аны жалпы адамзаттык баалуулуктар менен айкалыштыра ишке ашыруусуна жардам берүү;

- студенттерди эне тилин сактоого, аны өнүктүрүүнү максат кылып коет.

Азыркы учурда окуу процессинде студенттин өз алдынча иштери - окутуучунун көзөмөлү менен жүргүзүлгөн студенттердин окуу-изилдөөчүлүк иши болуп саналат. Бул иштерди ар бир окутуучу бекитилген жумушчу программанын окуу планы боюнча дисциплинанын жалпы академиялык көлөмүндө бөлүнгөн сааттын чегинде пландаштырат. Студенттердин өз алдынча иштерине жалпы окуу планынын негизинде академиялык саааттын көлөмү боюнча – 60 (56) саат бөлүнөт.

Студенттин өз алдынча иштери - бул окутуучунун тапшырмасынын негизинде же анын методикалык жетекчилигинин астында жүргүзүлгөн ишмердүүлүк болуп саналат. Кыргыз тили боюнча студенттердин өз алдынча иштөөсү - билим берүү багытында, тарбиялык иште да, пикир алышуу мүмкүнчүлүгүн өнүктүрүүдө да чоң мааниге ээ.
Жогорку окуу жайында студенттердин өз алдынча иштерин аткаруу төмөнкү максаттарды көздөйт:
• алган теориялык билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн системалаштыруу жана бекемдөө;
• теориялык билимдерди тереңдетүү жана кеңейтүү;
• тактоочу, укуктук, нормативдик жана атайын адабияттарды колдонууга багытталган көндүмдөрдү калыптандыруу;
• студенттердин таанып билүү жөндөмдүүлүктөрүн жана активдүүлүгүн, өз алдынчалуулукту, чыгармачылыкты, жоопкерчиликти жана уюшкандыкты өнүктүрүү;
• өз алдынча ой жүгүртүүнүн калыптанышы, өз алдынча өсүүгө багыт алуу;
• изилдөөчүлүк жөндөмүнүн өнүгүүсү;
• дүйнөлүк стандарттардын талаптарына негизделген ишмердүүлүк,;
• кесиптик көндүмдөрдүн калыптандыруу үчүн;
Ошондой эле өз алдынча иштерде колдонулган окутуу каражаттарына бүгүнкү күндө төмөнкүлөрдү кошсок болот: окуу китептери, окуу - методикалык куралдар,

энциклопедиялар, адабий чыгармалардын тексттери жана жыйнактар, гезиттер, журналдар, интернет маалыматтары (Википедия), сайттар, тиркемелер, ТВ, үналгы, фильмдер, карталар, таблицалар жана башкалар.

Окутуунун бул түрү кыргыз тилин тереңдетип үйрөтүүнү гана кучагына албастан, “эне тилинин беделин көтөрүүгө, эне тилинде таза, так, туура сүйлөөгө, анын үлгүсүн башкаларга көргөзө билүүгө, ошол эле учурда, жазуу маданиятына ээ болууга, студенттердин жалпы чыгармачылыгын ойготууга, үйрөнгөнүн чыгармачылык менен өздөштүрүүгө багытталат” [1, 8-б].

Окуу планын негизинде аткарылган өз алдынча иштер студенттердин маданий ой өрүшүн (кругозорун) кеңейтип, чыгармачылык активдүүлүгүн күчөтөт. Мындан сырткары, башка элдердин дүйнө таанымын, маданиятын таанып билүүгө да жетишишет.

Окутуучу тарабынан өз алдынча иштерди уюштурууда жана өтүүдө ар бир студенттин психологиялык өзгөчөлүгүн, анын жаңы материалды өздөштүрүү мүмкүнчүлүгүн жана ал кызыккан темага байкоо жүргүзүп, мамиле кылуу керек деп эсептейбиз. Окутуу процессинде ар бир эле студенттин өз алдынча иштөөсү үчүн берилген тема, биринчиден, тилдик материалдын көлөмүндө, экинчиден, орто мектептен өздөштүрүп келген кыргыз тили боюнча даярдыгына, келечектеги адистик кесиби менен байланыштырып кетүүсүн да эске алуу керек. Ошону менен катар студенттин жалпы билимин, шык жөндөмүн максималдуу түрдө пайдалана алгандай кылып, жаңы материалдар минималдык чекте тандалып алынып берилсе жакшы натыйжаларды берет деп ишенебиз. Жогорку окуу жайында кыргыз тили сабагы боюнча аткарылуучу студенттердин өз алдынча иштеринин эң кеңири таралган түрлөрүнө төмөнкүлөр кирет:

**Жазуу иштери боюнча:**

- Баяндама жана анын түрлөрү;
- Дил баян жана анын түрлөрү;
- Эссе жазуу;
- Реферат жазуу;

**Компьтердик иштер боюнча:**

- Презентация түзүү;

-Долбоор түзүү;

жана башка формалары дагы колдонулат.

Студентердин өз алдынча иштеринин ичинен “баяндама - жазуу жумуштарынын ичинен эң кеңири таралган түрү жана студенттерди дил баян жазууга машыктыруучу каражат экендиги талашсыз. Анын негизги мааниси – тил сабагынан тилдик каражаттарды жазуу жана оозеки кебинде туура , так, таза жана логикалуу пайдалана билүүгө үйрөтөт. Мындан сырткары баяндама студенттердин кебин өстүрүүдө да чоң роль ойнойт” [1, 64-

б]. Мындан сырткары жазуу жумуштарынын ичинен эң кеңири таралган дагы бир түрү дил баян болуп саналат. Дил баяндык жанрдык типтери абдан көп: очерк дил баян, мүнөздөмө дил баян, рецензия дил баян, аңгеме дил баян, жомок дил баян, улама дил баян жана башкалар. Жогорку окуу жайында дил баяндын очерк дил баян (жазуучунун өмүрү жана чыгармачылыгы), мүнөздөмө дил баян (каармандарга талдоо берүү), рецензия дил баян (чыгарманы талдоо) жана башка сыяктуу типтери кеңири студенттер тарабынан өз алдынча жазылат.

Ал эми реферат – илимий стилде жазыла турган студенттин өзүнүн жеке ой жүгүртүүсүнө багытталган чакан эмгек. Ал конспектилөөнүн негизинде ишке ашат. Башкача айтканда тигил же бул илимий тема боюнча кыскача маалымат берүүнүн ыкмасы болуп саналат. Ошондой эле рефератта илимий маалымат гана берилбестен, студенттин маалыматка карата мамилеси, баасы, көз караштары да берилиши өтө маанилүү болуп саналат. Рефератты жазууга көнүктүрүүдө окутуучу анын милдеттүү түрдө төмөндөгүдөй түзүмгө ээ болоорун: титулдук барак, план, киришүү, негизги бөлүм, корутунду, колдонулган адабияттардын тизмеси, тиркемелерден камтылышын айтып, түшүндүрүп кетүүсү зарыл.

Студент эссе жазууда төмөнкү талаптарды билүүсү керек: эссе бул - курамдык бүтүндүгү жана логикалык ырааттуулугу бар көлөмдүү жазуу иши. Бул иш белгилүү бир тема боюнча студенттин жеке пикирин, анын таасирленүүсүн чагылдырат. Эссени жазууда өз пикирин адабий тексттерден, массалык маалымат каражаттарынан же турмуштук байкоолордон алган мисалдар аркылуу толуктаса болот. Ошондой эле бул жазуу ишин жазуунун максаты - тандап алган тема боюнча студенттердин чыгармачылык ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, өз позициясын далилдеп, коюлган маселе боюнча өз ой-пикирин билдирүү болуп саналат. Тажрыйба көрсөткөндөй, эссе жазуу кыргыз тил сабагында абдан кеңири таралган.

Ал эми соңку убакта кыргыз тили сабактарында колдонулуучу жаңы ыкмаларга (интерактивдүү методдорго) негизделген презентация же долбоор түзүү аркылуу студенттер активдүү коммуникативдүүлүккө, өз алдынча жана ар тараптуу иштөөгө, жуп менен иштөөгө, маселени же маалыматты проблемалуу талкуулоого, өз ойлорун эркин айтууга, жаңы идеяларды жаратууга, сынчыл ой жүгүртүүгө жетише алат. Албетте, учурдагы жаңы интерактивдүү ыкмалар студенттердин кебин, сүйлөө маданиятын өстүрүүдө ар дайым жакшы натыйжаларды берип келет. Презентация “представление” – “көрсөтүү” дегенди билдирет. Презентация атайын файлда сакталып, такталган бир темада түзүлгөн түстүү сүрөттөр болуп эсептелинет. Аларды студенттер “Power Point” программасын колдонуунун негизинде конкреттүү тема боюнча менен өз алдынча ишин

көрсөтө алышат. Бул макалада кыргыз тилинен студенттердин өз алдынча иштеринин жалпы темаларынын болжолдуу үлгүлөрүн келтиребиз:

| № | Темалары | Аткаруунун формасы |
|---|---|---|
| **1-тема** | «Кылым карыткан – кыргыз тили» | Эссе |
| **2-тема** | «Мамлекеттик тил – кечээ, бүгүн, эртең» | Долбоор түзүү |
| **3-тема** | «Тилиби- дилибиз» | Дил баян жазуу |
| **4-тема** | Кыргыз элинин улуттук майрамдары | Презентация түзүү |
| **5-тема** | «Мекеним – Кыргызстан» | Эссе |
| **6-тема** | Кыргыз элинин музыкалык аспаптары | Реферат |
| **7-тема** | Кыргыз элинин каада-салттары, үрп-адаттары. | Реферат |
| **8-тема** | «Тилим – менин дилим» | Дил баян жазуу |
| **9-тема** | Өмүрү өрнөктүү инсандар | Презентация түзүү |
| **10-тема** | Кыргыз элинин улуттук оюндары | Баяндама |
| **11-тема** | Кыргыз элинин макал-лакаптары | Презентация түзүү |
| **12-тема** | Кыргыз элинин улуттук өзгөчөлүктөрү | Баяндама |
| **13-тема** | «Билим –өмүрдөгү шам чырак» | Баяндама |

Жыйынтыктап айтканда, бүгүнкү күндө өнүгүүнүн кайсы чөйрөсүн алып карабайлы, бардык тармакта тилдин таасири бирдей даражада керек экендиги талашсыз чындык. Соңку учурда коомдо адамдардын сабаттуулугу жогорулап, көп тил билүү шартында да, кыргыз тилинин мааниси күн санап өсүүдө. Кайсы кесиптин ээси болбосун, келечектеги адистер - эне тилинде так сүйлөп, туура жаза алганда, анын үлгүлөрүн башкаларга дагы көргөзө билгенде гана инсандык маданияттуулукка жетише алат деп ишенебиз.

***Пайдаланылган адабияттар:***


*1.Рысбаев С.К. Кыргыз тили, адабияты мугалимине жүз кеңеш.:Б.-2014*

*2.Бекбоев И.,Алимбеков А.Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы. –Б.:2011*

*3.Чыманов Ж.Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы.-Б.:2009*

*4.Айдарова М.Педагогикалык маданият.-Б.:2012*

*5.Рыспаев С.К. Окуучунун дил баяны. –Б.:2012*

*6. СТУДЕНТТЕРДИН ӨЗ АЛДЫНЧА ИШТЕРИН УЮШТУРУУ ЖАНА БААЛОО БОЮНЧА ЖОБО*

*7.Гарунов, М.Г. Самостоятельная работа студентов. –М.: Знание,1978.*

*8. Жарова Л.В. Учить самостоятельности. –М.: Просвещение, 1993.*

*9. Зимняя И.А. Гуманизация образования.: -1995*

*10.Ковалевский И. Организация самостоятельной работы студента //Высшее образования в России №1. -2000, с.114-115*